Ош облустук коомдук-саясый гезити
www.oshinfo.kg
# Ош жаңырыгы
ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"
№14 [16972] ИШЕМБИ, 07/06/2025

## Кыргыз-Өзбек Эл аралык университети - СЕНИН ТАНДООҢ – СЕНИН КЕЛЕЧЕГИҢ!




4-5-беттерде

## Манас-Атадагы майнаптуу иштер



8-бетте

## «Салам, Ош – 2025» II Эл аралык туристтик көргөзмө-жармаңкеси өттү




2-бетте

## Араван районунун тарыхынын күбөсү болгон музей



6-бетте

**“Ош жаңырыгы” сиздер менен**


“Ош жаңырыгы” гезитине 2025-жылдын II жарым жылдыгы үчүн жазылуу жүрүп жатат.

**Жазылуу баасы 6 айга 600 сом (1 даана). 1 жылга 1200 сом.**

Курьер кызматы жана почта аркылуу жазылганда баа өзгөрөт.

Ош облустук коомдук-саясый гезити
Ош жаңырыгы
ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

## Борбор Азиядан чыгышка кеткен кубат



3-бетте

Ош облустук коомдук-саясий гезити
Ош жаңырыгы

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

**Башкы редактор:**
КАРАКОЗУЕВ
Асанбек Курманбекович

**Жооптуу катчы:**
Канымжан
Кыдыралиева

**Нөөмөтчү**
Б.Ысакова

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды.
Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г
Көлөмү А3 - 2 басма табак
Тел: 0 (312) 53-00-00

**Буюртма №: 717**
**Нускасы: 2000**

**Реквизиттер:**
Р/эсеп: 4407011102006594
Бик: 440701, КР ФМ Борбордук казынасы
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371, Ош шаары МСКБ 032

**Дареги:** 723500, Ош шаары, Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт.
Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт.
Кол жазмалар кайтарылбайт.

**Байланыш:**
Кабылдама: **7–13–34**
Жооптуу катчы: **7–10–02**
Жарнак бөлүмү: **7–11–31**
E-mail: **oshjan@mail.ru**

Гезитибиздин сайтына жогорудагы QR-код аркылуу кириңиз.

Гезитибиздин келе жаткан жаңы сандарына жазылууга жана жарнама кызматы үчүн жогорудагы QR-кодду колдонуңуз.
Терең урматтоо менен,
"Ош жаңырыгы" гезитинин редакциясы!

## «Көчмөндөрдүн изи менен» аттуу эл аралык туристтик форум өттү

3-июнь күнү Ошто “Салам, Ош-2025” туристтик фестивалынын алкагында «Көчмөндөрдүн изи менен» аттуу эл аралык туристтик форум болуп өттү. Иш-чара Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппараты жана Туризм департаменти тарабынан уюштурулду.

Анын жүрүшүндө Ош, Жалал-Абад, Өзбекстандын Навои жана Фергана облустары, ошондой эле Казакстандын Түркстан облусунун туристтик мүмкүнчүлүктөрү тууралуу кеңири маалыматтар сунушталды.

Форумдун негизги максаты – региондорго туристтердин агымын көбөйтүү, эл аралык туроператорлор менен жергиликтүү жамааттардын ортосунда байланыш түзүү жана ички-тышкы рыноктордо туристтик кызматтарды өнүктүрүү болуп саналат.

Иш-чаранын алкагында катышуучулар эки панелдик сессияга бөлүнүп, Улуу Жибек Жолу багытындагы туристтик мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануу жана кызматташуу стратегиялары боюнча мазмундуу талкууларды өткөрүштү.



## «Салам, Ош – 2025» II Эл аралык туристтик көргөзмө-жармаңкеси өттү

3-июнь күнү Ош шаарындагы С.Ибраимов атындагы Ош Улуттук драма театрында «Салам, Ош – 2025» II Эл аралык көп тармактуу туристтик көргөзмө-жармаңкенин салтанаттуу ачылыш аземи болуп өттү.

Көргөзмөгө Германия, Кытай, Россия, Казакстан, Тажикстан, Өзбекстан, Түркмөнстан, Азербайжан жана Кыргызстандын бардык облустарынан туризм тармагындагы уюмдар, мекемелер жана туроператорлор катышып, жайкы туристтик сезондогу даярдыктарын көрсөтүштү.

Фестивалдын ачылышында 50 комузчудан турган топ көчмөндөрдүн «Маш ботой» күүсүн аткарып, Манас айтылды. Андан соң кыргыз кербени өтүп, салют атылды.




Салтанаттын ачылышында сөз сүйлөгөн КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Эльчибек Джантаев бул көргөзмө Ош облусунун уникалдуу табигый жана маданий байлыктарын таанытууга, туризм тармагындагы эл аралык кызматташууну өнүктүрүүгө, инвестиция тартууга жана жергиликтүү жамааттардын туруктуу өнүгүүсүнө өбөлгө түзөөрүнө ишеним билдирди.

Ачылыш аземинен кийин расмий коноктор көргөзмө-жармаңкенин экспозициялары менен таанышып чыгышты. Анда айыл чарба, тамак-аш, кеңсе буюмдары, техника, курулуш материалдары, кийим-кече, үй-тиричилик буюмдары, туристтик жана кол өнөрчүлүк товарлар, жогорку окуу жайлардын мүмкүнчүлүктөрү көрсөтүлдү.

## ОшТУ дүйнөлүк университеттер рейтингинде күчүн сынады

Ош Технологиялык университети «Round University Ranking (RUR) - 2025» рейтингине алгачкы жолу катышып, 734-орунду ээледи. Бул жетишкендик менен ОшТУ Кыргызстандагы бул рейтингге кирген жалгыз жогорку окуу жайы болуп калды.

ОшТУнун ректору, профессор Ж.Турсунбаев бул ийгиликти университеттин жалпы жамаатынын — илимпоз окутуучулардын, мыкты студенттердин жана администрациянын биргелешкен эмгегинин жемиши катары баалады. Ал




ОшТУнун билим берүү жана илимий-изилдөө программаларынын жогорку деңгээли эл аралык деңгээлде таанылганын белгиледи.

RUR рейтинги 2010-жылдан бери дүйнөнүн 80ден ашык өлкөсүндөгү 1200дөн ашуун университеттерди төмөнкү төрт негизги көрсөткүч боюнча баалайт.

Акыркы үч жылда ОшТУда окуу корпустарынын жаңыланышы, ар бир окутуучу жаңы компьютер менен камсыздалышы сыяктуу бир катар маанилүү өзгөрүүлөр болгон.

Мындан тышкары, окуу жайдын Кытай мамлекети ортосунда расмий келишим түзүлүп, Кыргызстанда стратегиялык мааниге ээ болгон темир жол тармагында инженерлерди даярдоо багытында кызматташтык башталды.

## ОшМУда Евразиялык экономикалык-географтар конгресси өтүүдө

2-июнда ОшМУнун базасында Евразиялык экономикалык-географтар конгресси өттү. Ага Кытай, Германия, Орусия, Сербия, Белорусия, Казакстан, Өзбекстан жана Кыргызстандын окумуштуулары, географтар, экологдор, илимий изилдөөчүлөр жана дүйнөнүн бир катар алдыңкы илимий борборлорунун өкүлдөрү катышты.

Анда Евразиядагы мейкиндиктик өнүгүү, жашыл экономика, климаттык өзгөрүүлөрдүн таасири, региондук транспорттук коридорлор жана геосаясий маселелер боюнча баяндамалар окулду. Конгресс алкагында эки секция иш алып барып, эколо-



гиялык, экономикалык жана социалдык маселелер, туризмдин өнүгүшү, миграция жана аймактык пландаштыруу сыяктуу темалар терең талкууланды.

Бул ири эл аралык илимий жыйын Ош мамлекеттик университети, Кыргыз улуттук университети, Бишкек мамлекеттик университети, Орусия Илимдер академиясынын География институту жана Орусиялык коомдук географтар ассоциациясы тарабынан уюштурулду.

Конгресс 9-июнга чейин уланып, анда Манас-Ата зоосуна (Ленин чокусуна) жана Ысык-Ата курортуна экскурсиялар уюштурулуп, Бишкек жана Чолпон-Ата шаарларындагы иш-чаралар менен уланат.

Бул конгресс илимий кызматташтыкты бекемдеп, Евразия мейкиндигиндеги коомдук-географиялык маселелер боюнча жаңы багыттарды аныктоого чоң өбөлгө болору күтүлүүдө.

# Борбор Азиядан чыгышка кеткен кубат

*Ушул жылдын 29-31-май күндөрү Казакстандын Астана жана Алмата шаарларында "Борбор Азия – Кытай – 2025" эл аралык медиа форуму өттү. Кытайдын компартиясынын "Жэньминь Жибао" аттуу гезити уюштурган бул иш-чарага Түркмөнстандан тартып, Өзбекстан, Кыргызстан, Тажикстан, Казакстан жана Кытайдан 250гө жакын журналисттер катышты. Алгачкы жыйын Астана шаарында өтүп, аймактык кызматташууну жана өз ара түшүнүшүүнү бекемдөө маселелерин талкуулашты. Кийинки күндөрү Алмата калаасында уланып, Кытай менен Казакстандын биргеликте иштетип жаткан долбоорлорун көрсөтүштү. Анын бири – Түркмөнстан — Өзбекстан — Казакстан — Кытай газ кууру болду.*

Бул макалада аталган долбоордун кубаты тууралуу кенен маалымат жеткиргенге аракет кылабыз. Эмне үчүн ушуга токтолуп жатабыз? Анткени Кытайга газ ташуу боюнча мындай долбоор биздин Кыргызстан аркылуу да өтө турган болуп жатканын белгилеп кетишибиз керек. Бирок бизде белгилүү да, белгисиз да себептер менен ишке ашпай турат. Ошондуктан бул теманын башын ачып, Казакстан эч кимге көз каранды болбой эле, долбоорду өз алдынча ишке ашырганын, өздөрү айтмакчы андан үлкөн пайда көрүп жатканын белгилегибиз келди.



## "Азия газ кууру" – газ ташыган ири долбоор

Быйыл, 2025-жылдын башында, Казакстандын "Азия газ кууру" (AGP) компаниясы 44 миллиард куб метр газ экспорттой турганы пландалган. Бул көрсөткүч долбоордун толук кубаттуулугу болгон 55 миллиард куб метрге жеткенге мүмкүнчүлүгү бар экенин компаниянын "Алматы Көзөмөл борборунун" директорунун орун басары Адил Алиаскаров билдирип, кубаттуулукту 10 миллиардга чейин көбөйтсө боло турганын, бирок бул үчүн кошумча компрессордук станциялар жана ресурстар керек экенин айтты.

Түркмөнстан — Өзбекстан — Казакстан — Кытай магистралдык газ куурунун курулушу 2009-жылы башталып, акыркы объекти 2016-жылы пайдаланууга берилген. Жалпы узундугу 7500 чакырымды түзүп, анын ичинен Казакстан аймагындагы бөлүгү 1310 чакырымга созулат. Ошентип газ кууру Түркмөнстандын, Өзбекстандын жана Казакстандын жаратылыш газын Кытайга ташып жатат.

## Ички керектөө жана экспорт

Газ кууру Казакстандын төрт облусун — Алматы, Жетисуу, Жамбыл жана Түркестан аймактарын аралап өтөт. Бул аймактарда газды ички керектөө үчүн пайдалануучу туташуу пунктары жайгашкан. Айрыкча Алматы облусунда бул түйүндөр өнөр жай жана турак жай үчүн газ менен камсыздоо максатында колдонулат.

Пекинде долбоордун жалпы көзөмөлдөө борбору жайгашкан, ал эми биз барган Алматыдагы диспетчердик борборында күнү-түнү казак жана кытай инженерлери иш алып барышат. Шелек айылындагы компрессордук станция сыяктуу объектилер газды тазалап, кысуу жана муздатуу иштерин автоматташкан системалар менен жүргүзөт. Бул станциялар 13 жерде жайгашкан жана алардын айрымдары күн энергиясына таянат.

AGP компаниясы "жашыл экономика" принциптерин колдонуп келет. Алиаскаровдун айтымында, газ куурларында газдын басымы аз болуп кетишин минималдаштыруу боюнча чаралар көрүлөт. Мындан сырткары, станцияларда күн панелдери жана газ турбогенераторлор колдонулат. Бул экологиялык зыянды азайтып, газды электр энергиясына айлантууга мүмкүндүк берет.



Кытайга "Хоргос" түйүнүнү аркылуу күнүнө 126 миллион куб метрге жакын газ өткөрүлөт. Анын ичинен 101–110 миллион куб метри куур аркылуу кирет. Бул газдын бир бөлүгү кытай рыногуна жеткирилсе, калганы Казакстандын түштүк аймактарына тарайт.

## Казакстандын газ стратегиясы: келечек пландары

Казакстандын энергетика министрлигинин 2024-жылдын аягындагы маалыматына ылайык, Кытайга газ экспорту соңку үч жылда туруктуу өсүүдө. Мисалы, 2022-жылы 34 млрд куб метр болсо, 2023-жылы 40 млрд, ал эми 2024-жылы 44 млрд куб метрге жетти. Өлкө бул багытты негизги экспорттук канал катары кароодо.

Ал эми 2025–2027-жылдары кошумча компрессордук станцияларды куруу жана куурдун "D линиясы" деп аталган жаңы бөлүгүн ишке киргизүү пландалууда. Бул "А", "В" жана "С" линияларына кошумча болуп, экспорт көлөмүн 60 миллиард куб метрге чейин жеткирүүгө мүмкүнчүлүк берет.

AGP компаниясында 1200дөн ашык адам иштейт. Алардын 90 пайызы казак жарандары, 10 па-

(уландысы 7-бетте)

**Бар бол, соопкерчилик!**

# Жамгыр менен жер, бата менен эр көгөрөт

***Жакында ар кайсыл аймактан топтолгон тууган-туушкандар, куда-кудагыйлар Оштон жолугуп, Бишкекке чогуу тойго жөнөдүк. Кара-Суунун Папан, Жоош, Ноокаттын Кожоке, Өзгөндүн Жазы, Аравандын Маңгыт айылынан келгендер эртерээк келдик. Алайлык кудабыз кечигип, бир аз буйдала түштүк. Бир чай кайнамча убакыт өтпөй ал да келип калды. Аманчылыкты, ал-жайды сураштырып унаага олтурдук. Аксакалдар ак жол каалап дуба кылышты. Узак жолду аңгеме кыскартат тура. Мындай накыл сөзгө дагы бир жолу ынандык.***

-Туугандар мен сиздерди бир кечиктирип койдум окшойт, кечирип коесуздар,-деп Алайлык Касым кудабыз сөзүн кайра улантты.


-Биздин айылдын балдары жолдун аркы өйүзүнөн бул өйүзүнө булактан суу алып чыккан болчу. Бүгүн айыл башчы келип, "балдар анын түтүктөрүн жаңыртабыз деп жатышат, аларга батаңызды берип коюңуз" дегенинен бир аз кармалып калбадымбы...

Кара-Суунун Жоош айылынан келген Манап тагабыз:

-Куда, сизди аксакал катары сыйлашкан тура, эми кудаага шүгүр, бардык жерде соопчулук үчүн өз каражатынан эл үчүн кызмат кылгандар көбөйүп баратат. Биздин айыл өкмөттүн Большевик айылындагы 845 метр аралыктагы Кадырбеков, Маданият айылындагы Б. Бекболотов көчөлөрү демөөрчүлөр тарабынан жарыктандырылды. Эсептеп көрсөк, баш аягы болуп, 2675 метр аралык экен, ага 300 миң сомдон ашык каражат кетиптир. Аксакалдар эл чогулган жерде батабызды бердик.

- Туура айтасыз, Манап тага, -деп сөзгө кошулду Өзгөндүн Жазы айылында мугалим болуп иштеген Расул жээнибиз,- мурда мектептердин бүтүрүүчүлөрү алып келгендерин тамак-ашына, ойноп-күлгөнгө коротсо, кийинки жылдары өздөрү окуган мектептердин керегине жумшап жатышат. К. Раимбеков атындагы мектеп-гимназиясына 20 жылдыктын бүтүрүүчүлөрү тарабынан 150 000 сомдук интерактивдүү панел тапшырылса, АКШда жашап, эмгектенип жаткан бүтүрүүчү тарабынан 15 ноутбук белек кылынды. Т. Машрапов атындагы орто мектептин 2 класс кабинети демөөрчүлөр тарабынан 166 800 сомго заманбап жасалгаланыптыр. 92 000 сомго жаңы парталар. 2 даана проектор жана ашканага идиш-аяктар алып беришти. Уккан, көргөндөр да аларга ыраазы болушту.

- Биздин айылдын жаштары доң жерде жайгашкан мазардын жолуна шагыл ташташып, аны бульдезор менен тегиздеп чыгышты. Сөөк коюуга катышкан адамдар үчүн атайын отургучтарды жасап беришти. Айылдын



имамы Акжол молдо ага бир топ каражат жумшалгандыгын айтып, балдарга элден бата алып берди.

Маңгыттык Ороз бөлөбүздүн бул сөзүн Ноокаттын Кожоке айылынан тургуну Апсамат кудабыз улап кетти:

-Биздин айылда Сулайманкул абанын балдары айылдаштары үчүн көп соопчулук иштерди жасап келет. Анын чоң баласы Рахман ажы айылдын четиндеги элдин үлүшү жайгашкан бир чакырым жолго өз каражаты менен шагыл ташытып, аны бульдозер менен тегиздетип берген. Музурап болсо Төш деген участкага мечит салып берди. Мукуш аттуу баласы Төшкө өтө турган тар жолду кеңейтип, ага таза шагыл төшөтүп,тегиздетип берди. Айылдын имамы кудай талаа жол салган, суу чыгарган пенделери үчүн бейиштин эшиги ачык экендигин хадис аркылуу түшүндүрүп, элди алардан үлгү алууга чакырды. Туура сөз таасирдүү болот окшойт. Жаңы-Базар-Көк-Бел автожолунун эки жээгин кеңейтүү үчүн айыл адамдары колдон келген акча каражаттарын топтой баштады. Аны Дыйкан акенин Кылыч деген баласы чогултуп, айыл башчысы Каленов Калышка берди. Ал айыл өкмөткө айтып, Кошчан суусунан алынган таза шагылды ташытып, жолду тегиздетип жатат. Аны көргөн айыл өкмөттүн башчысы жолдун эки тарабына жөө адамдар жүрө турган тротуар салууга бюджеттен же демөөрчүлөрдөн каражат караштыра тургандыгын айтыптыр.

Айтор, мындай жакшы демилге элет адамдарынын аң сезимине таасир берип, соопчулук иштерди жасаган жарандарыбыздын саны көбөйүп бараткандыгы бизди кубандырып жатат.

- Папандын адамдары Шановдордун үй-бүлөсүн соопчулук иштердин үлгүсү катары өтө урматташат,-деп сөзгө кошулду Арзыбай кудабыз,-анткени, алар Ак-Буура дарыясына салынган көпүрөнү кайра баштан жаңылап беришкен. Көпүрөнү Россиядан алынган лиственница карагайы менен салышты. Адамдар да кызыкпыз да, Шананов Бакыттан «Ошончо алыс жерден ташып келип убара болбой, өзүбүздүн эле карагайдан эле курбадыңар?» деген суроо беришет. Бакыт аларга «Абалар, лиственница карагайы башка дарактардан айрымаланып суу тийсе чирип калбастан, тескерисинче кайра чыңалат. Италиянын Венеция аралындагы курулуштар Россиядан алынган лиственница карагайы менен салынгандыгын интернеттен окуп, ага ынандым» деп жооп бериптир. Туура айткан экен, ошол көпүрө арадан 9 жыл өтсө да күнү бүгүнкүдөй турат.

«Жамгыр менен жер, бата менен эл көгөрөт» дегендей чын ниетинен берген батаны жараткан да кабыл кылат эмеспи. Бул үй-бүлөнүн иши алдыга жүрүп, элдин алды болуп жүрүшөт.

Туугандар соопчулук иштерди жасаган айылдаштарынын аттарын айтышып, алар менен сыймыктанып турушту. Маектин соңунда аксакалдарыбыз «Андай азаматтар арабызда көп болсун!» деген арууу тилектерин айтышты.

Көрсө, жакшы иштер адамдын маанайын ачып, көңүлүн көтөрөт тура.

**Төлөнбай Абдыразаков.**

**Келечегиңдин пайдубалын ишенимдүү түптөгүң келсе,
Кыргыз - Өзбек Эл аралык университетиндеги мүмкүнчүлүктү пайдалан!**

# ДОСТУК ОРДЕНДҮҮ ӨЗГӨЧӨ ОКУУ ЖАЙ

**Кыргыз-Өзбек Эл аралык университети өлкөбүздө илим жана билим берүү ишмердиги аркылуу достуктун алтын ордосуна айланган, эл аралык статустагы, достук ордендүү өзгөчө окуу жай. Университеттин курамындагы алты факультет, үч колледж жана өндүрүшкө керектүү адистерди кыска мөөнөттө даярдап чыгарган кесиптик лицей инновациялык технологиялар менен жабдылган Ош шаарындагы жети, Ала-Бука районундагы эки окуу корпусунда кесиптик билим берүү ишмердигин жүргүзөт.**




## Эл аралык деңгээлдеги окумуштуу илимпоздор эмгектенет

Университеттин адистештирилген кафедра жана циклдеринде эмгектенген профессордук-окутуучулар курамында эл аралык деңгээлдеги окумуштуу илимпоздор, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын, Инженердик академиясынын академиктери, мүчө-корреспонденттери, Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө жана илимине эмгек сиңирген ишмерлер, илимдин докторлору жана профессорлор, илимдин кандидаттары жана доценттер, тажрыйбалуу методист окутуучулар дүйнөлүк стандарттын негизинде, алтымыштан ашуун билим берүү программасынын алкагында кесиптик билим берүү ишмердигин алып барат. Бүгүнкү күндө окуу жайдын күндүзгү жана сырттан окуу бөлүмдөрүндө он жети миңге чукул студент билим алууда.

## Студенттердин кесипкөй адис болуп, татыктуу билим алышы үчүн баардык шарттар түзүлгөн

Китеп фонду бир жарым миллиондон ашык керектүү адабияттардан турган китепкана, окуу залдары жаңы көз караштагы студентердин жагымдуу жайы. Дүйнөлүк интернет желесине туташтырылган компьютердик класстар, электрондук китепкана керектүү маалыматтарды ыкчам издеп табууга шарт түзөт. Юридикалык билим берүү багытындагы токтом каанасы Өкмөт жана Жогорку Кеңеш тарабынан чыгарылган жаңы мыйзамдар, токтомдор менен өз учурунда таанышып, аларды туура пайдаланууга шарт түзөт. Ошондой эле алыскы жана жакынкы чет өлкөлөргө барууну каалаган жарандар үчүн ошол мамлекеттин керектүү мыйзамдары менен алдын ала таанышып, ал мыйзамдарга ылайык өзүнүн милдеттерин жана укуктарын так билишине көмөктөшөт. Юридикалык клиника бир эле студенттер үчүн эмес, жалпы жарандар үчүн кызмат кылат. Калкыбыздын саламаттыгынын сакталышын камсыз кылуу багытында медициналык клиника пайдаланылат.

## Чет өлкөлүк мекеме-уюмдар менен кызматташкан илимий жана тил үйрөнүү борборлору

Дүйнөнүн жүз элүүдөн ашык жогорку окуу жайлары, илим изилдөө мекемелери, эл аралык ири компаниялар, чет өлкөлүк мекеме-уюмдар менен кызматташкан университеттин базасындагы корей, немец, англис, түрк тилдерин үйрөнүү борборлору аркылуу кыска убакыт аралыгында каалаган чет тилин үйрөнүүгө болот. Ал эми мамлекеттик тил борбору, Манас таануу, Айтматов таануу борборлору, славян жана өзбек маданий борборлору жергебизде жашаган баардык этностордун тарыхын, маданиятын, нарк-насилин үйрөнүп, өнүктүрүү максатында пайдаланылат. Окуу процессин уюштуруп, башкаруу үчүн AVN маалыматтык системасы жайылтылган. Университет билим берүү ишмердигин жүргүзө баштаган алгачкы учурдан баштап, илимий изилдөөнүн борбору, билим булагы катары таанылган. Жыл сайын мамлекеттик бюджеттен каржыланган илимий долбоорлордун аткарылышы аркылуу таанылган 9 илимий борбордон турган инновациялык изилдөө институту негизделген. Ал илимий борборлордо 14 багыт боюнча кабыл алынган аспиранттар (PHD) докторанттар илимий изилдөө иштерин алып барууда .

## Эл аралык байланыш

Университет экинчи ирет эл аралык институционалдык жана программалык аккредитациядан ийгиликтүү өттү. Анын негизинде кесиптик билим берүү жана илимий ишмердигин ырааттуу өнүгүү жолуна түштү. Бир канча эл аралык уюмдардын, бирикмелердин мүчөсү катары катталды. ТүРКСОЙ, ЮНЕСКОНУН жол картасы түзүлүп, эки тараптуу кызматташуу келишимине кол коюлду. Эки тараптуу түзүлгөн келишимдин негизинде университет ТүРКСОЙ эл аралык уюму менен биргеликте дүйнөлүк баалуулуктарын даңазалаган иш-чараларды үзгүлтүксүз өткөрүп келет. Германиянын "FAV - Тюрингияда тренинг" доолбоору аркылуу Эрфурт соода-өнөр жай палатасы менен түзүлгөн эки тараптуу келишимдин негизинде Германияда кесиптик билим алууга багыт берип, мыйзамдуу жумуш ордун табууга көмөктөшөт.



Окуу жай Орус-Кыргыз техникалык университеттеринин консорциумунун мүчөсү. 2020-2021-окуу жылынан тартып, университетте Россиянын жогорку окуу жайлары менен биргеликте кош диплом берүү программасын жүзөгө ашыра баштады. Тагыраак айтканда, Устинов атындагы «ВОЕНМЕХ» Балтия мамлекеттик техникалык университети менен болгон программалык келишим боюнча, студенттерге экинчи дипломго ээ болуу мүмкүнчүлүгү берилет.

## КӨЗАУ – кесипкөй адистерди даярдап чыгарат

Инженердик-технологиялык, юридика-экономикалык, эл аралык медициналык факультеттери, медициналык колледжи, кесиптик жана Ала-Бука колледждеринин юридика-экономикалык багыттары рынок шартындагы дүйнөлүк атаандаштыкта туруктуу иш ордун камсыз кыла алган кесипкөй адистерди даярдап чыгарат. Ал эми педагогикалык багыттагы: тарых-филология, гуманитардык педагогикалык, табигый-педагогикалык жана маалыматтык технологиялар факультеттеринде 12 жылдык билим берүүгө ылайыкташкан компетенттүү адистерди тарбиялап чыгарат.

Университеттин базасында окуу куралдарын басып чыгаруу багытында өздүк басмаканасы иш алып барат. Азыркы учурда борбор Кыргыз Республикасынын Түштүк аймагындагы өзбек тилдүү мектептерге зарыл болгон окуу куралдарын даярдоо багытында үзгүлтүксүз иш алып барууда. Ушул күнгө чейин белгиленген борбор тарабынан жүз жетимиш эки аталыштагы окуу куралдары эки миллион нуска менен чыгарылып, өзбек тилдүү мектептерге берилген.






## Студенттер үчүн түзүлгөн мүмкүнчүлүктөр

500 орундуу жыйындар залынан, 7 тилге синхрондук котормо аппараты менен жабдылган конференция залынан, электрондук китепканадан, ашканадан турган маданий-эстетикалык комплексинде университеттин студенттери жана профессордук-окутуучулар курамынын катышуусунда маданий-массалык иш-чаралар үзгүлтүксүз өткөрүлүп турат. Анын натыйжасы катары алар шаардык, облустук, республикалык деңгээлде уюштурулган маданий-массалык, спорттук иш-чараларга активдүү катышып, алдыңкы орундарды багындырып турушат. Маданий-массалык иш-чараларды уюштурууда жаштар комитети жигердүү иш алып барат. Ал эми студенттик Омбудсмен университетте, окуу жайдан сыртккы чөйрөлөрдө да студенттердин укугун коргойт. "Достук планетасы" газетасы ай сайын чыгарылат. "Достук" теле студиясы студенттердин чыгармачылык ийгиликтерин чагылдырып турат. Спорттук иш-чаралар үчүн "Достук" спорт клубу иш алып барат. Спорттук секциялар үчүн спорт манежи, спорт залы, кичи футбол аянтчасы түзүлгөн. Спорт багытында түзүлгөн мыкты шарттын натыйжаларында университеттин студенттери да, окутуучулары да шаардык, облустук, республикалык, эл аралык мелдештерде байгелүү орундарды багындырып турушат.

Алыскы аймактардан келип окуган студенттер, академиялык мобилдүүлүк программасы менен сырттан келген студенттер мезгил талабына жараша жабдылган студенттик жатаканага жайгаштырылат. Тажрыйба алмашуу үчүн, же конок лекция окуу үчүн башка окуу жайлардан келген мугалимдер, профессорлор үчүн атайын даярдалган конок үйү пайдаланылат. Ошондой эле окуу корпустарында студенттик ашканалар иштейт. Жыйынтыктап айтканда, Кыргыз-Өзбек эл аралык университети, заманбап материалдык-техникалык базасы, жаңы көз караштагы окумуштуу-окутуучулары менен билим берүү жана илим багыттары боюнча изилдөө иштерин жүргүзүү аркылуу баардык этностордун маданиятын, тарыхын өнүктүрүүгө жол ачкан, биримдикти туу туткан достуктун алтын ордосу.

**Б.Ысакова.**

# Кыргыз-Өзбек Эл аралык университети - СЕНИН ТАНДООҢ – СЕНИН КЕЛЕЧЕГИҢ!




**Жогорку билим берүү:**

## Тарых-филология факультети

550300. Филологиялык билим берүү:— англис тили/бакалавр — күндүзгү/ — негизги тест, англис тили

—кыргыз тили жана адабияты /бакалавр — күндүзгү, сыртқы/ — негизги тест, кыргыз тили жана адабияты

—орус тили жана адабияты / бакалавр — күндүзгү, сыртқы/— негизги тест, орус тили жана адабияты

—өзбек тили жана адабияты / бакалавр — күндүзгү, сыртқы/— негизги тест, өзбек тили жана адабияты

—531100. Лингвистика /бакалавр — күндүзгү / — негизги тест, англис тили

—550400.Социалдык-экономикалык билим берүү (тарых)/ бакалавр — күндүзгү, сыртқы/ — негизги тест, тарых

-Англис тили кошумча немис тили /күндүзгү/— негизги тест, англис тили

## Инженердик -технологиялык факультети

710100. Информатика жана эсептөө техникасы/бакалавр-күндүзгү, кечки/-негизги тест, физика же математика

-570700. Костюм жана текстиль искусствосу /бакалавр-күндүзгү/-негизги тест, чыгармачылык сынак

-640200. Электроэнергетика жана электротехника /бакалавр-күндүзгү, сыртқы/- негизги тест, физика же математика

-610300. Агроинженерия (Айыл чарбаны электрофикациялоо жана автоматизациялоо)/ бакалавр-күндүзгү,сыртқы/-негизги тест

-670200. Транспорттук-технологиялык машиналарды жана комплекстерди эксплуатациялоо /бакалавр- күндүзгү, сыртқы/-негизги тест, физика же математика

-740700. Женил өнөр жай буюмдарынын технологиясы жана конструкциялоо /бакалавр — күндүзгү, сыртқы/ — негизги тест, физика же химия

-550800. Кесиптик билим берүү /бакалавр — күндүзгү /негизги тест,

-570400. Дизайн /бакалавр — күндүзгү, сыртқы/(ЖРТ талап кылынбайт)

-570025. Графика /адистик — күндүзгү/(ЖРТ талап кылынбайт)

-630400. Нефти жана газ иштери / бакалавр.

## Юридика-экономика факультети

-530500. Юриспруденция /бакалавр-күндүзгү сыртқы/-негизги тест, тарых

-530004. Бажы иши /адистик-күндүзгү, сыртқы/негизги тест, математика

580100.Экономика (каржы жана насыя; бухгалтердик эсеп, экономикалык коопсуздук, анализ аудит; ишканалардын экономикасы жана башкаруу; салык жана салыкка тартуу)/бакалавр -күндүзгү, сыртқы/-негизги тест, математика

-540200.Социалдык иш/бакалавр-күндүзгү, сыртқы/-негизги тест

-580200. Менеджмент/бакалавр, магистр-күндүзгү, сыртқы/-негизги тест, математика

-580500. Бизнес-информатика (кош диплом, Кыргызстан-Россия) /бакалавр-күндүзгү, сыртқы/-негизги тест, математика

## Гуманитардык-педагогикалык факультети

550700. Педагогика (баштал-гыч билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы, мектепке чейинки билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы)/бакалавр-күндүзгү, сыртқы/-негизги тест, кыргыз тили жана адабияты же орус тили жана адабияты



-532000. Дене тарбия /бакалавр-күндүзгү, сыртқы/ЖРТ талап кылынбайт)

—530300. Психология /бакалавр-күндүзгү, кечки/-негизги тест.

## Табигый-педагогикалык жана маалыматтык технологиялар факультети

550200. Физика-математикалык билим берүү (физика,математика,информатика). бакалавр-күндүзгү, сыртқы/-негизги тест, физика же математика

-550100.Табигый илимий билим берүү (химия,биология,(-география-негизги тест)) /бакалавр-күндүзгү, сыртқы/-негизги тест,физика же математика

-710200. Колдонмо математика жана информатика/бакалавр-күндүзгү, сыртқы/- негизги тест, физика же математика

-710300. Колдонмо информатика /бакалавр-күндүзгү, сыртқы/-негизги тест, физика же математика

-Математика кошумча информатика багыты /күндүзгү/— негизги тест, математика

-Физика кошумча информатика багыты /күндүзгү/-негизги тест, физика

-Химия кошумча биология багыты /күндүзгү/негизги тест,химия же биология

-Туризм/күндүзгү/негизги тест, химия же биология

- Экология жана жаратылыштты пайдалануу багыты/күндүзгү/ негизги тест, химия же биология

## Эл аралык медициналык факультети

-560001. Дарылоо иши (чет элдик жарандар үчүн)

-560001. Дарылоо иши

-560004. Стоматология

-560005. Фармация

## Магистратура бөлүмү

-550300. Филологиялык билим берүү:(англис тили, кыргыз тили жана адабияты, орус тили жана адабияты)-магистр — күндүзгү/сыртқы

—550400. Социалдык-экономикалык билим берүү (тарых) / магистр-күндүзгү/сыртқы

-550700. Педагогика(баштал-гыч билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы, мектепке чейинки билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы)-/магистр күндүзгү/сыртқы

—550200. Физика-математикалык билим берүү(физика,математика, информатика)-/магистр күндүзгү/сыртқы

—710300. Колдонмо информатика /магистр-күндүзгү/ сыртқы

—550100.Табигый илимий билим берүү (химия, биология,-география)-/магистр-күндүзгү/ сыртқы

—580100. Экономика (каржы жана насыя; бухгалтердик эсеп, анализ жана аудит; ишканалардын экономикасы жана башкаруу; салык жана салыкка тартуу)/ магистр — күндүзгү/сыртқы

—530500. Юриспруденция / магистр-күндүзгү/ сыртқы

—710100. Информатика жана эсептөө техникасы /магистр-күндүзгү/сыртқы

- 532000. Дене тарбия жана спорт /магистр-күндүзгү

- 570700. Текстиль жана костюм искусствосу /магистр-күндүзгү



**Орто кесиптик билим берүү:**

## Медициналык колледж

**(11-класстын базасында)**

-060102. Акушердик иш /окуу мөөнөтү 3 жыл/

-060108. Фармация /окуу мөөнөтү 3 жыл/

-060109. Медициналык айым иши/окуу мөөнөтү 3 жыл/

-060101. Дарылоо иши /окуу мөөнөтү 3 жыл 6 ай/

-060106. Ортопедиялык стоматология/окуу мөөнөтү 3 жыл/

-060107. Профилактикалык стоматология - күндүзгү 2 жыл 10 ай.

## Кесиптик колледж

**(9-11-класстын базасында)**

260903. Тигүү кийимдерин конструкциялоо, моделдештирүү жана технологиясы /күндүзгү, сыртқы/

—050709. Башталгыч класстарда окутуу /күндүзгү, сыртқы/

—050713. Башталгыч билим берүүдөгү коррекциялоочу педагогика /күндүзгү/

—050704. Мектепке чейинки билим берүү /күндүзгү, сыртқы/

—050720. Котормо иши /күндүзгү/

—050303. Чет тили /күндүзгү/

—140212. Электр менен камсыздоо (тармактар боюнча)/күндүзгү, сыртқы/

—190604. Автоунааларды оңдоо жана аларды техникалык жактан тейлөө / күндүзгү, сыртқы/

—230109. Эсептөө техникасы менен автоматташтырылган системаларды программалык камсыздоо / күндүзгү, сыртқы/

—080106. Каржы (тармактар боюнча) / күндүзгү, сыртқы/

—080110. Экономика жана бухгалтердик эсеп (тармактар боюнча) /күндүзгү, сыртқы/

—030504. Укук жана социалдык камсыздоону уюштуруу/күндүзгү, сыртқы/

—030503. Укук таануу / күндүзгү, сыртқы/

## Ала-Бука кесиптик колледжи

**(9-11-класстын базасында)**

- 050709. Башталгыч класстарда окутуу /күндүзгү, сыртқы/

- 050704. Мектепке чейинки билим берүү /күндүзгү, сыртқы/

- 080106. Финансы (тармактар боюнча) /күндүзгү, сыртқы/

- 050303. Чет тили

- 230109. Эсептөө техникасы менен автоматташтырылган системаларды программалык камсыздоо.

## Кесиптик лицей

**(9-11-класстын базасында)**

- 5146. Тикмечи

- 5147. Электр жабдууларын оңдоо боюнча слесарь- электрик

- 7443. Тигүүчү

- 5141. Чач тарач

# АР БИР НОТАДА-СҮЙҮҮ, АР БИР ЫРДА-ТАРБИЯ БАР

Музыка - кылымдардан бери келе жаткан искусствонун түрү, адамдын жан дүйнөсүн толкуткан, сезимди ойготкон жана руханий дүйнөнү байыткан улуу өнөр. Музыкадан бардык курактагы адамдар ырахат алат. Ал эми ошол өнөрдү үйрөткөн, аны балага сүйдүрүп, түшүндүрүп берген адам — бул музыка мугалими. Музыка мугалими – бул жөн гана сабак өтүүчү эмес, ал чыгармачылыктын, көркөм эстетиканын жана тарбиянын булагы. Ал эми ошол кесибине жан-дили менен берилип, аны менен жашоонун ар бир көз ирмемин баалап жашаган адам өзгөчө урмат-сыйга татыктуу. Муза дүйнөсүн байырлап, балдарга нота таанытып, ыр кайрыктары аркылуу жан дүйнөнү байытып келе жаткан музыка мугалими Досанова Айчүрөк Шараповнаны анын жаркын бир мисалы десе болот.




Айчүрөк Досанова 1968-жылдын 4-апрелинде Өзгөн районунун Мырза-Арык айылында жарык дүйнөгө келген. Анын музыкага болгон чыгармачылык шык-жөндөмү мектепте окуп жүргөндө эле билинген. Туулуп-өскөн айылындагы №28- "Политотдел" орто мектебинде окуган. Ош мамлекеттик Педагогикалык институтунун музыка факультетин 1991-жылы бүтүргөн. Бул жылдар анын тагдыр жолун, өмүр багытын аныктаган маанилүү учур болду.

Эмгек жолун Кара-Суу районунун Асан-Чек айылындагы Хамид Олимжан атындагы мектепте иштөө менен баштаган. Бүгүнкү күндө Кыргыз-Чек айылындагы Сыдык Алайчы уулу атындагы №87-инновациялык мектеп-гимназиясында музыка мугалими болуп үзүрлүү иштеп келүүдө. Ал учурда балдарды билим дүйнөсүнө жетелеген, аларга жашоо тажрыйбасын үйрөткөн жана коомго пайдалуу инсан кылып калыптандырган насаатчы болуп жетилди.

Албетте, окуучунун өнүгүүсүндө музыка мугалиминин орду чоң. Ал окуучуларды ырдоого, аспаптарда ойноого үйрөтүп гана тим болбостон, алардын угуу, кабыл алуу, чыгармачылык ой жүгүртүүсүн да калыптандырат. Музыка сабагы аркылуу балдар улуттук маданиятты, салт-санааны, обон-күүнү, элдик ырлар аркылуу тарыхты, элдин басып өткөн жолун окутуп үйрөтөт.

Анын айтымында, музыка сабагын кызыктуу өткөрүү, баланын көңүлүн өзүнө буруу оңой эмес. Ар бир окуучунун өзгөчөлүгүнө жараша мамиле жасоо, анын ичиндеги талантты ачуу үчүн зор эмгек талап кылынат. Музыкалык билим жана тарбия берүү аркылуу баланын руханий жактан жана ошол эле мезгилде физиологиялык жактан өсүшүнө шарт түзүлөт. Музыка мугалими балдардын жашоосуна жаркын маанай тартуулайт, анын берген билими, үйрөткөн ырлары, коштогон аккорддору окуучунун жүрөгүндө түбөлүккө сакталып калат.

Айчүрөк Шараповна аталган билим уясында мугалим болуп үзгүлтүксүз эмгектенип, көптөгөн бүтүрүүчүлөрдүн жашоосунда өзгөчө из калтырды. Анын сабактары жөн гана музыка менен обон үйрөтүү эмес, келечек муунга жүрөктү ойготкон, ички дүйнөнү тазарткан, эстетикалык табитти калыптандырган таалим-тарбияны сиңирүүгө жетишүү болуп саналат. Ал жаш муундарга ар бир ырды жан дүйнөсү менен берилип үйрөтүү менен, обондор аркылуу жашоого, мекенге болгон урмат-сыйды туйдуруп, мекенчил болууга тарбиялоодо.

Көп жылдык педагогикалык тажрыйбасы, мугалимдик чеберчилиги, чыгармачылык дарамети жана жаш муунду тарбиялоодогу ак эмгеги жогору бааланып, бир катар Ардак грамоталар менен сыйланды. Бирок анын эң чоң сыйлыгы — мугалим катары жүрөк жылуулугу менен эсте калган окуучуларынын урматы.

Айчүрөк Шараповна үй-бүлөдө да зор бакыттын ээси. Өмүрлүк жолдошу Таалай экөө Айнура, Бактыбек, Айзада жана Нуржигит аттуу уул-кыздарды татыктуу тарбиялап, эрезеге жеткиришти. Учурда неберелери Умар, Салиха, Фатима, Барсбек үчүн сүйүктүү тайене. Үй-бүлөлүк тынчтык менен кесиптеги жоопкерчиликти тең алып жүрүү анын жашоодогу негизги баалуулугу.

Ал педагогикалык чөйрөдө өзүнүн маданий көрөңгөсү, чыгармачылык руху жана адамдык асыл сапаттары менен өз ордун тапкан инсан. Анын өмүр жолу түйшүктүү жана сыймыктуу, музыка менен коштолду. Бул жол – келечектеги мугалимдер үчүн чыныгы үлгү.

**А.МАТИЕВА.**

Руханий байлык

# Араван районунун тарыхынын күбөсү болгон музей

*Араван районунун С.Юсупова айыл өкмөтүндө тарыхый музей бар. Ал музей бүгүнкү күндө өз ишмердүүлүгүн жүргүзүп келүүдө. Мурда-кийин бул музей кароосуз абалга келгенин укканыбыз бар. Антсе да, райондун тарыхын сактап турган тарыхый жайдын орду коомчулукта опол тоодой эмеспи. Аны астейдил асыроо азыркы муундардын милдети деп билебиз. Дегенибиздей биздин редакция аталган тарыхый музейге иш-сапар менен барып, бүгүнкү күндөгү абалынан кабар алып кайтканбыз.*



Музейдин таржымалына токтолсок, тээ илгери СССР деген улуу мамлекеттин доорунда XXII Партсъезд атындагы колхоздун борборунда мугалим Якубов тарыхый музей уюштурганын музейдин директору Зиядахан Артикова айтып өттү.

Зияда айым кесиби боюнча тарых мугалими, ОшМУнун тарых факультетин аяктаган. Мурда бала бакчада тарбиячы болуп иштеген. Зиядахан айым 2024-жылдын 1-апрелинен бери музейди жетектеп келет. Өз ишин сүйгөн жетекчи катары музейдин өнүгүшүнө дилгирлик менен мамиле кылып жатканын байкоо кыйынга турбады. Анткени мындагы тазалык жана ирети менен коюлган тарыхый буюмдар буга далил десек жаңылышпайбыз.




Бул тарыхый жай 1990–1992-жылдары айыл өкмөтүнүн ошол кездеги башчысы Адылжан Мамажанов тарабынан кайрадан уюштурулган. Учурда музей алты бөлүмдөн турат жана ар бир бөлүм өз алдынча темага арналып жасалганын директор айым көрсөтүп өттү.

Биринчи бөлүмдө Улуу Октябрь Социалисттик Революциясына чейинки айыл турмушун чагылдырылганын көрүүгө болот. Бул жерде ошол мезгилдеги турмуш-тиричилик буюмдары, эски экспонаттар, айыл жашоосунун образын ачып берген куурчактар жана макеттер жайгаштырылган. Экинчи бөлүмдө болсо, айылда Совет бийлигинин орношуна арналган. Бул бөлүмдө алгачкы активисттердин сүрөттөрү, жеке буюмдары көрүүчүлөрдү тосуп алат. Ал эми үчүнчү бөлүмдө Улуу Ата Мекендик согуш учуру чагылдырылган. Бул жерде ошол доордогу курал-жарак, аскердик кийимдер, документтер коюлган. Төртүнчү бөлүмдө болсо, согуштан кийинки районду калыбына келтирүү жана колхоздук системанын түзүлүшү сүрөттөлүү менен эмгекчил элдин эмгек каармандыгы терең чагылдырылган.

Бешинчи бөлүмгө токтолсок, социалисттик түзүлүш мезгилиндеги эмгек баатырларынын портреттери, жетишкендиктери менен таанышууга болот. Алтынчы бөлүм болсо, эгемендүүлүк жылдарындагы өзгөрүүлөр, жаңы муунду тарбиялоодогу аракеттер жөнүндө баяндайт.

Музейде жалпы 739 даана экспонат бар. Анын ичинде 55 даана жыйын протоколу, 37 кагаз акча, 87 сүрөт, 57 документ, 22 орден-медаль, 32 керамикалык идиш, 24 темир идиш, 10 мис идиш, 14 кыгач буюмдар сакталган.



Белгилей кетсек, учурдагы С.Юсупова айыл өкмөтүнүн башчысы Самат Дүмүров музейге өзгөчө көңүл буруп, ондоп-түзөө иштерине колдоо көрсөткөн. Учурда музейдин ишмердүүлүгүн арттыруу максатында атайын план түзүлүп, аны ишке ашыруу багытында аракеттер башталган.

«С.Юсупова айыл өкмөтүндөгү бул музей бир эле тарыхый фактыларды сактаган жай эмес, бул жер тургундарынын, ата-бабалардын башынан өткөргөн турмушунун күзгүсү. Бул музейге келген ар бир адам өзүнүн тамырына кайтып, элдин, жердин, ата-бабалардын өткөнүн баалап, сыймыктанууга себеп табат. Буюрса, алдыңкы пландарымда музейге дагы да колдоо көрсөтүү, анын шарттарын жакшыртуу иш-планымда бар»-дейт Самат Дүмүров.

Бул музей — Араван районунун 90 жылдык тарыхынын гана эмес, бир бүтүн элдин турмушу менен тагдырын, маданиятын жана мурастарын сактап турган асыл кенч. Тарыхты баалаган, мурастууларга мээрим төккөн жергиликтүү жетекчиликке «Ээ балли!» демекчибиз.

Эскерүү — элдин өзөгүн түзөт. Тарых — түпкүрдү унутпоо. Бул музей дал ошол баалуулуктун көзөмөлчүсү катары өмүр сүрүп келет.

**Н.ӨМҮРЗАКОВА.**

# Борбор Азиядан чыгышка кеткен кубат

(башталышы 3-бетте)

йызы кытай адистери. Бул кадрдык келишим эл аралык кызматташтыктын үлгүсү катары каралат.

## Кыргызстан-Кытай газ кууру тууралуу

Кыргызстан дагы ушул глобалдык газ долбоорунун бир бөлүгү болууга аракет кылып келет. 2013-жылы Кыргызстандын аймагынан өтүүчү "D линиясы" деп аталган кошумча газ куурунун курулушу пландалган. Бул куур Түркмөнстан, Өзбекстан, Тажикстан аркылуу өтүп, Кыргызстан менен Кытайга жетет. Кыргызстандын аймагындагы бөлүгү 215 чакырымды түзүп, Ош облусунун Алай жана Чоң-Алай райондорунан өтмөкчү. Инвестициялык наркы 1,2–1,5 миллиард доллар деп эсептелет. Бул транзиттик каналдан Кыргызстан жылына болжол менен 90 миллион доллар табышы күтүлгөн. Жергиликтүү маалыматтарда долбоор 30 жылдык мөөнөткө эсептелип, бул жылдар аралыгында жалпы киреше 2,5 миллиард долларга жакындай турганы айтылган.

Бирок долбоордун ишке ашуусу бир нече себептен улам артка жылып келүүдө. Биринчиден, Тажикстандагы курулуш иштери кечеңдеген. Экинчиден, Түркмөнстан менен Кытайдын ортосунда газдын баасы боюнча бир пикирге келүү кыйын болгон. Үчүнчүдөн, Кыргызстанда жер маселеси коомдук талкууну жаратып, Алайдагы жерлер Кытайга берилет деген күмөндүү маалыматтар чыккан. Бирок бийлик өкүлдөрү жер убактылуу ижарага берилерин жана куур төрт метр тереңдикке төшөлөрүн билдиришкен.

Бул долбоор Кыргызстан үчүн инфраструктуралык жактан чоң мүмкүнчүлүк. Кытай сыяктуу ири энергетикалык рынокко транзиттик жол ачуу экономикалык көз карандылыкты азайтып, бюджетке туруктуу киреше алып келмек. Кыргызстан Борбор Азия менен Кытайды байланыштырган маанилүү географиялык түйүн катары позициясын чыңдай алмак.

Борбор Азиянын газ инфраструктуралары — бул жөн гана куур эмес. Алар аймактык кызматташтыкты, энергетикалык коопсуздукту жана глобалдык экономикадагы ордубузду аныктаган стратегиялык долбоорлор. Казакстан учурда бул мүмкүнчүлүктү активдүү пайдаланып жатса, Кыргызстан дагы ошол багытта кадам таштап, чече турган маселелерди реалдуу убакта чечүүгө тийиш.

Газ багытындагы бул ири долбоорлор — эгемендүүлүктөн кийинки Борбор Азиядагы эң маанилүү аймак аралык инфраструктуралык демилгелердин бири болуп калмакчы. Алар жакынкы ондогон жылдарда дагы экономика, экология жана геосаясат тармагында маанилүү ролун сактап калат.

Негизи "Кыргызстан-Кытай" газ куур долбоору «Түркмөнстан-Өзбекстан-Тажикстан-Кыргызстан-Кытай» магистралдык газ куурунун бир бөлүгү болуп саналат. Аны куруу боюнча келишимге кыргыз өкмөтү менен Кытай Эл Республикасынын (КЭР) өкмөтү 2013-жылдын 11-сентябрында Бишкекте өткөн Шанхай Кызматташтык Уюмунун (ШКУ) саммитинде кол койгон.

Алгач курулуш иштерин баштоо 2016-жылга пландаштырылган. Куурдун Тажикстандагы линиясын бүткөрүү кечеңдегенден улам, кытай тарап Кыргызстандагы жумушун артка жылдырган. Ошентип, курулуш башталбай турат.

***Асанбек Каракозуев, "Ош жаңырыгы" гезитинин башкы редактору***

## Аукцион

Кара-Суу шаар мэриясынын алдындагы муниципалдык менчикти башкаруу департаменти Кара-Суу шаарынын Киров айылында жайгашкан 3000 кв метр жер аянтын убактылуу пайдалануу үчүн аукцион аркылуу ижарага берүүнү жарыялайт.

**Жер тилкесин ижара шартында убактылуу пайдаланууга аукцион өткөрүү жолу менен берүү үчүн коюлуучу ЛОТ:**

| Жердин дареги | Максаты | Аянты чарчы метр | Старт. баа 1 (бир) айга сом | Старт. баа 2 (эки) жылга сом |
|---|---|---|---|---|
| 1. Кара-Суу шаары, Киров айылы | Ижара шартында убактылуу пайдаланууга | 3000 кв м | 19000 сом | 456000сом |

Аукцион 2025-жылдын 30 - июль күнү саат 14:30 дө төмөндөгү даректе өткөрүлөт: Кара-Суу шаары, Кушбаков көчөсү №2, Кара-Суу шаардык жыйындар залы.

Аукционго катышуучулар Кара-Суу шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгына (ММБ) 2025-жылдын 20-июнь күнү саат 16:00 гө чейин төмөнкү документтерди тапшыруулары зарыл:

1. Физикалык жактар үчүн - паспорт.
2. Юридикалык жактар үчүн нотариалдык же катто жүргүзүүчү, каттоо органы тарабынан тастыкталган түзүүчү (учредительный) документтердин нускасы (чет элдик эмес иш кананын статусун тастыктаган), уюмдун өкүлүнө – аукционго катышу үчүн белгиленген формадагы ишеним кат жана паспорт.
3. Башталгыч баадан 10% өлчөмүндө кепилдик взнос жана коюлган лоттун башталгыч баасын 0,5% өлчөмүндө комиссиондук жыйым төлөнгөндүгүн тастыктаган документтер. Төлөм кабыл алуучу – Кара-Суу шаары, ОАО РСК Банк, Кара Суу райондук Р-с 4407042200001884, ОКПО 440704. ИНН 00206200610043. БИК 440001.
4. Аукционго катышуу тууралуу бекитилген формадагы арыз, лоттун номерин көрсөтүү менен; белгилей кетүүчү нерсе, Кара-Суу шаардык мэриясы аталган обьектти (лот) конкурска белгиленген күнгө үч күн калганда аукционду алып салууга укукту.

Көңүл буруңуздар! Аукционго баардык юридикалык жана физикалык жактар, алардын ичинде аукцион өткөрүүгө 10-июнга чейин конкурска катышу туурасында арыз берген жактар гана катыша алат.

Аукционго катышууну каалагандар өздөрүнүн өкүлдөрү (ишенген жактары) аркылуу аракеттенүүлөрү мүмкүн.

Аукционго катышуучулар кошумча маалымат алуу үчүн 5-20-75 телефондору же Кара-Суу шаары, Кушбаков көчөсү №2, Кара-Суу шаарынын мэриясына кайрылса болот.

## Жараксыз деп табылсын

2013- жылы Казыбаева Асел Абдимуталиповнага Ош Технологиялык университети тарабынан берилген серия № CD130290132 каттоо № 1070 болгон дипломдун туп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

**Ххх**

Жеке ишкер Матназаров Абдыраман Малабайовичке таандык болгон ИНН 21304196800823 сандуу жеке ишкердик күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

**Ххх**

16.02.2012-жылы МКК 212001 тарабынан 01.07.1977-жылы туулган Асанова Жылдызкан Авазбековнага берилген жарандык паспорту жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

## Сынак

Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн алдында түзүлгөн "Папан" муниципалдык ишканасы 2025-жылы чыгарылган дөңгөлөктүү экскаваторуна, 2017-жылы чыгарылган оор жүк ташуучу "Хово" автосамосвал машинасына жана 2017-жылы чыгарылган трактор-экскаватор погрузчик техникаларынын айдоочуларына сынак жарыялайт. Документтерди кабыл алуу жарыя чыккан күндөн тартып. 2025-жылдын 15-июнуна чейин жүргүзүлөт. Сынак ушул эле жылдын 16-июнь күнү Папан айыл өкмөтүнүн жыйындар залында өткөрүлөт. Байланыш тел: 0-555-995-580.

## Обьевление

ОО «Национальное Общество Красного Полумесяца Кыргызской Республики»

обьявляет о закупке работ и услуг по:

- строительству дворового туалета для школы,
- очистке септической системы,
- установке водоснабжения (водной системы).

Работы будут осуществлены в рамках реализации мероприятий по улучшению санитарных условий в образовательных учреждениях.

Подрядные организации и поставщики, заинтересованные в участии, могут получить подробную информацию и направить свои

Коммерческие предложения в запечатанных конвертах с пометкой

«Предложение на строительство туалета, очистку септика и установку водной системы»

должны быть предоставлены до 17:00 часов 16 июня 2025 года

по адресу: г. Ош, ул. Баялинова 3, Ошский филиал ОО «Национальное Общество Красного Полумесяца КР».

**ххх**

ОО «Национальное Общество Красного Полумесяца Кыргызской Республики»

обьявляет о закупке работ и услуг по:

- созданию контрольно-пропускных пунктов входа и выхода на территорию учреждения,
- установке системы видеонаблюдения (камер наблюдения),
- созданию и оборудованию пункта управления видеоконтролем.

Данные работы будут проводиться в целях обеспечения безопасности и контроля доступа на территории объекта.

Подрядные организации и поставщики, заинтересованные в участии, могут получить подробную информацию и направить Коммерческие предложения в запечатанных конвертах с пометкой

«Предложение на установку КПП, системы видеонаблюдения и пункта управления» должны быть предоставлены до 17:00 часов 16 июня 2025 года

по адресу: г. Ош, ул. Баялинова 3, Ошский филиал ОО «Национальное Общество Красного Полумесяца КР».

**ххх**

ОО «Национальное Общество Красного Полумесяца Кыргызской Республики»

обьявляет о закупке работ по:

- демонтажу изношенных дверей,
- установке новых дверей в зданиях образовательного учреждения.

Работы будут проводиться в целях улучшения условий и обеспечения безопасности в помещениях.

Подрядные организации, заинтересованные в участии, могут получить подробную информацию и направить свои коммерческие предложения в Ошский областной филиал ОО «Национальное Общество Красного Полумесяца КР» по адресу:

г. Ош, ул. Баялинова 3, с понедельника по пятницу с 08:30 до 17:30.

Коммерческие предложения в запечатанных конвертах с пометкой

«Предложение на демонтаж и установку дверей» должны быть предоставлены до 17:00 часов 16 июня 2025 года

по адресу: г. Ош, ул. Баялинова 3, Ошский филиал ОО «Национальное Общество Красного Полумесяца КР».

**ххх**

ОО «Национальное Общество Красного Полумесяца Кыргызской Республики»

обьявляет о возможной закупке гигиенических наборов, продуктовых наборов и кондиционеров в случае наступления аномальной жары на территории Кыргызской Республики.

Данная закупка будет осуществлена если Кыргызгидромет обьявит аномальную жару по городу Ош и Ошской области и при подтверждении необходимости экстренного реагирования для поддержки уязвимых групп населения.

Поставщики, заинтересованные в участии в тендере, могут получить предварительную информацию и направить Коммерческие предложения в запечатанных конвертах с пометкой «Предложение на поставку гигиенических и продуктовых наборов, кондиционеров» должны быть предоставлены до 17:00 часов 16 июня 2025 года по адресу: г. Ош, ул. Баялинова 3, Ошский филиал ОО «Национальное Общество Красного Полумесяца КР».

**ххх**

ОО «Национальное Общество Красного Полумесяца Кыргызской Республики»

обьявляет о закупке товаров:

- кроватей
- матрасов, (и др. постельных принадлежностей)
- столов
- стульев

Закупка осуществляется в целях оснащения учреждений и обеспечения необходимых бытовых условий для проживания и обучения.

Поставщики, заинтересованные в участии, могут получить подробную информацию и направить свои Коммерческие предложения в запечатанных конвертах с пометкой

«Предложение на поставку мебели и постельных принадлежностей» должны быть предоставлены до 17:00 часов 16 июня 2025 года по адресу: г. Ош, ул. Баялинова 3, Ошский филиал ОО «Национальное Общество Красного Полумесяца КР».

# Манас-Атадагы майнаптуу иштер

**Ош шаарынындагы "Манас-Ата" муниципалдык аймактык башкармалыгы тарыхый жактан союз мезгилинде калыптанган өнөр жайлуу кичи шаарча болгон. Азыркы учурда аймактык башкармалыктын аянты кеңейгени шаарчада бир топ калктын турмуш шартын жакшыртуу максатында көп багыттуу иштерди жүргүзүү талаптардын келип чыгышы реалдуу көрүнүш экендигин түшүнүүгө болот. Ушул максатта аймактын 320,5 чарчы чакырым гектар аянтындагы жашаган 68603 жашоочуларга тиешелүү 5166 жер үйлөрдүн 223 көп кабаттуу жарандар жашаган үйлөрдүн жана ушундагы 15193 батирлердин шарттарын, алардын алдындагы тургундар үчүн жакшы маанай көтөрүүчү көрүнүштөрдү жана жаш балдардын ойноочу аянтчаларынын эстетикалык элестерин калыбына кетирүү максатында 19043 кожолука шаар инфра түзүмүндөгү талаптарга ылайык иштер жүргүзүлүп келүүдө.**



*“Манас Ата” муниципиалдык аймактык башкармалыгынын эмгек жамааты*



**Чолпонбаев Жанибек Токоевич, башкармалыктын башчысы**

Аймакта Ош шаарынын мэри Ж. Ш. Токторбаевдин жаңыча талаптарына ылайык 2025-жылдын 3-февралында аймактын жашоочулары менен болгон жолугушуусунда жарандар тарабынан коюлган сунуш пикирлерди аткаруу жана мэрдин жеке тапшырмаларынын негизинде коюлган 39 сунуштардын 15 толугу менен аткарылды. Ал эми 24 иш чараны аткаруу боюнча иш кызуу жүрүп жатат. Мындан сырткары аймактык башкармалыктын администрациясына 163 жаран ар кандай маселелер боюнча кайрылган өтүнүчтөрү башкармалык тарабынан өз убагында чечилүүгө алынды.

Шаарда жаз алды менен уюшкандыкта жети ирет ишенбиликтер өткөрүлүп, аймактагы жашылдандыруу, көрктөндүрүү жана санитардык тазалоо иштери талаптагыдай жайгарылды. Мындан сырткары 17,6 чакырым канал, арыктар жана иргациялык түйүндөр тазаланды. Аймактагы экологиялык шартты жакшыртуу максатында бак дарактарды сугаруунy, ошону менен катар айлана чөйрөнү булгоого таасирин тийгизүүчү өнөр жай ишканаларынын жетекчилиги аркылуу "Жашыл Мурас" жалпы улуттук өнөктүктүн талаптарынын негизинде иштер жүргүзүлүүдө. Аймактык башкармалыктын аймагына ар кандай жазы жалбырактуу, ийне жалбырактуу декаративдүү 993 түп бак дарактардын көчөттөрү олтургузулду. Мындан сырткары тургундардын жана шаар коноктoрунун эстетикалык табиттерин ачуу максатында 5600 гүл көчөттөрү сайылды. Жыйынтыгында жаңы көчөттөр олтургузулган аянттар 7 гектарды камтыды. Мунун баары көрктөндүрүү иштери боюнча 2025-жылдын өткөн жарым жылдыгында аткарылгандыгы реалдуулук экендиги анык. Ал эми "Манас-Ата" аймактык башкармалыкта кошумча каржылоо булактарынын эсебинен 15 долбоор 13 225 330 сомго аткарылган. Бул каражаттардын 612 665 сому ыктыярдуу, элдин эсебинен болсо, 6 612 665 сому жергиликтүү бюджеттен каржыланган. Жасалган иштер коомчулук тарабынан катуу көзөмөлгө алынгандыгынын кепилинде ишке ашкандыгын ынанымдуу белгилесе болот.

Аймактык башкармалыкта жасалып жаткан иштердин баардыгы адам факторуна тиешелүү экендиги менен артыкчылыктуу. Айрыкча карыяларга жакындан социалдык жардамдарды көрсөтүү иштерине маани берүүчүлүк жогору. Алардын үйлөрүнөн даректүү кабар алуу такай колго алынган. Жумушсуздуктун алдын алууда февраль-апрель айларынын ичинде 69 адам акы төлөнүүчү коомдук жумуштарга тартылган. Калк арасындагы көйгөйлүү маселелерди билип туруу максатында башкармалыктын аймагындагы ички иштер, билим берүү, саламаттыкты сактоо, социалдык жардам сыяктуу дагы башка тармактык мекемелердин өкүлдөрүнүн катышуусунда жуманын шаршемби күнү коомдук алдын алуу борборунун жыйыны талуулу маселелерди чечүү максатында өткөрүлүп турат. Жыйында терс көрүнүштөрдү болтурбоонун алдын алуу иш чаралары каралат.

Шаардагы жүргүзүлүп жаткан масштабтуу иштерден аймактык башкармалык да сыртта калган жок. Ош шаарынын көчөлөрүн иретке келтирүү максатында кызыл сызыктан өтүп курулган коммерциялык жана башка багыттагы имараттарды иретке келтирүү боюнча шаар мэри Ж.Ш.Токторбаевдин көчмө жыйындарынын протоколдук тапшырмаларына ылайык 8 турак-жай, 79 курулуш, 60 капиталдык тосмо, 110 жеңил типтеги конструкциядан тосулган тосмолор бузулуп алынды. Ош шаарынын мэриясынын үлүштүк каржылоо долбоорунун алкагында Б. Абдыкарыров көчөсүнө асфальт төшөлдү. Аймактын карамагындагы курулуштардын, архитектуралык турак жайлардын мыйзамдуулугуна көзөмөл иштеринин алып барылышы мыйзам ченемдүү жүргүзүлүүдө. Аймактагы көп кабаттуу үйлөрдүн, жеке турак-жайлардын жана социалдык-коммерциялык имараттардын сырткы көрүнүштөрүн талапташтыруу Ош регионалдык шаар куруу жана архитектура боюнча башкармалыгы тарабынан даярдалган дизайн-кодду ишке ашыруу боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлүүдө. Аталган багытта 73 коммерциялык имараттардын фасаддары иретке келтирилген. Көп кабаттуу 4 үйдүн сырткы көрүнүшү актап сырдалган. Мындан сырткары 20 көп кабаттуу үйдүн алдына балдар ойноочу аянтчаларды курууга сунуштар берилген. Азыркы учурда 4 көп кабаттуу үйлөрдүн алдына аянтчаларды куруу иштери башталган.







Жогорудагыдай көп багыттуу иштерди аткарууда Ош шаарындагы "Манас-Ата" муниципалдык аймактык башкармалыгынын жамааты Чолпонбаев Жаныбек Токоевичтин жетекчилигинде мындан ары да уюштуруучулук үзүрлүү иштерди жүргүзө бермекчи.

**М. Осмонов**